# ИДЕНТТЕШҮҮНҮН ИЛИМИЙ ТЕОРИЯЛЫК МААНИСИ

**КАМЧЫБЕКОВА С.**

*Ош мамлекеттик университети*
**УДК:316.344.8**

***Аннотация:*** *Макалада “иденттешүү” илимий категория катары каралган.Автор иденттешүүнүн философия, психология, химия ж.б. илимдердеги маанилерин, түрлөрүн жана агасоциологиялык дискурстагы түрдүү көз караштарды талдоо аркылуу анын илимий теориялык мааниси ачып берген.*

***Урунтуу сөздөр:*** *иденттешүү, табигый жана жасалма иденттешүү,социалдык иденттешүү, этникалык иденттешүү.*

***Аннотация****: В статье рассмотрена “идентификации” как научная категория.Автор анализирует значение и формы идентификации в философии, психологии, химии и др. науках, а также различные точки зрения в социологическом дискурсе, тем самым раскрывается ее научно теоретическое значение.*

***Ключевые слова****: идентификация, естественная и искусственная идентификация, социальная идентификация, этническая идентификация.*

***Abstract:*** *In article it is considered "identifications" as scientific category. The author analyzes value and forms of identification in philosophy, psychology, chemistry, etc. sciences, and also various points of view in a sociological discourse, its scientifically theoretical value thereby reveals.*

***Keywords:*** *identification, natural and artificial identification, social identification, ethnic identification.*

Иденттешүү англис тилинен биздин тилге которгондоidentity - окшоштук, бирдейлик деп которулат. Иденттешүү бул турмуштук көпмаанилүү жана жалпы илимий, индивиддин жана анын өзүн-өзү таанып билүүчүлүк идеясын өстүрүүчү термин болуп эсептелет. Психология илиминде иденттешүү төмөндөгүдөй колдонулат:

Эго-иденттешүү- бул термин Э. Эриксон тарабынан киргизилип,инсандын бирдиктүүлүгү, биздин МЕН-ибиздин окшоштугу жана үзгүлтүксүздүгүөзгөрүүлөргө карабастан бизде болуп жаткан процессте өсүүнүн жана өнүгүүнүн болушу [9]. Эго-иденттешүүнүн жоголушу кризис-иденттүүлүкболуп саналат. Мындай абалда инсандын социалдык ролдогу өзүнө болгон ишенимдин жоголуп кетиши менен мүнөздөлөт.

Бир канча изилдөөчүлөриденттешүүнү эки түргө бөлүп карашат. Биринчиси, табигый иденттешүү - мында өндүрүш уюштуруучулук мүнөзго муктаж эместик. Ал эми экинчи категория - жасалма (искусственный) иденттешүү. Мында уюштуруучулук дайыма колдоого муктаж.

Биринчи табигый иденттешүүгө этникалык, расалык, территориялдык (ландшафтык), жалпы дүйнөлүк түрлөр кирет.

Экинчи категорияга улуттук, кесиптик, диний, аймактык, континенттик, катмардык, таптык, топтук катмарлар кирет. Кээ бир иденттешүү аралаш мүнөздү да алып жүрөт, мисалга алсак гендердик мүнөз.

Ошондой эле илимде адамдын иденттешүү түшүнүгү 3 негизги модалдуулукту алып жүрөт:

1) Психофизиологиялык иденттешүү - мында иммунологиядагы көз көрүнөө башка клеткалардан айырмаланып организмдеги психологиялык жана физиологиялык окшоштукту, биримдикти түшүндүрөт.

2) Социалдык иденттешүү - мында социалдык топ жана коомго таандык баштан өткөрүү жана аңдап билүүчүлүк. Иденттешүүдө белгилүү бир социалдык коомчулукта адамды биологиялык негизден социалдык индивид жана инсан, өзүнүн "биз" жана "алар" деген терминге таандык болгон социалдык байланышын баалоого мүмкүндүк жаратат.

3) Жеке иденттешүү же өздүкиденттешүү (self - identity) - мында инсандын жашоо маңызындагы мотивдин, максаттын, жашоо ишмердүүлүктүн бирдейлиги, окшоштугу. Ал бир гана субьектте жана башка адамга болгон реакциясындагы жүрүш-турушункөрсөтпөстөн, андан ары да МЕН-инин тарыхында өзүнүнжөндөмдүүлүгүн, максаттуулугун колдоп жана улантышы.

*Социологиялык дискурста иденттешүүтүшүнүгү.*Азыркы заманбап технологияда "иденттешүү" түшүнүгүнө  ар түрдүү аныктамалар аркылуу түшүнүк берилген. Талдоо аркылуу мамиле кылуу механизми иденттешүүнүнтүзүмүндө каралган. Коомдук типологияда кабыл алынгандай, индивид өзүн иденттештирет. Иденттешүүнүн ачкыч сөздөрү катары: *социалдык иденттешүү, иденттешүүнүн түзүмдүк механизми, иденттешүүнүн түзүлүшү* түшүнүктөрү саналат.

Социалдык иденттешүүнүн пайда болушу жана өнүгүшү XIX - жылдагы дүйнөлүк көз караштар жана коомдук өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта. Салттык коомдун индустриалдык коомго алмашышы менен дүйнөлүк илимий картинасы өзгөрүп, коомдук маанилүү социалдык институттар жана ошону менен катар инсандын коомдо принципиалдуу өзгөрүүсүнө алып келген. Бул процессти Э. Фромм эркиндикке умтулуу же, башкача айтканда, "экономикалык либерализм принцибинин өсүшү, саясий демократиянын, мамлекеттен чиркөөлөрдүн бөлүнүшү жана индивиддин жеке жашоого өтүшү".

Инсан индустриалдык коомдо, традициялык коомдон инсандынбөлүнүшүбул жашоосундагы тандоосунун чоң спектри катары мүнөздөлөт. Индивид "өзүнүн" коомун тандоодо жаңы каналдагы вертикалдык жана горизонталдык мобилдүүлүктүн алдында көйгөйлөржаралды. Коомдун социалдык түзүлүшү татаалданып, көпкатмарлуу боло баштады. Индивиддин салттык коомдон чыгуу фонунда маданий, улуттук, диний багыттагы жаңы дифференциация негизделди. Жаңы системанын пайда болушу социалдык иденттешүүнүтурукташтырууда, талаш - тартыш критерийлердин өсүшү менен теоретикалык түшүнүктү талап кылды. Иденттешүүнүн заманбап теориялык түшүнүк берүү феномени XIX - кылымдын 60 - жылдарынын аягында пайда болду.

Социологиянын алгачкы багыттарынын бири катары инсандын жана анын иденттешүүсүнүн пайда болуу механизминин түшүндүрүү рамкасында интеракционисттик мамиле каралган. Интеракционизмдин символикалык өкүлдөрүиденттешүүнү негизги бөлүк катары карабастан,иденттешүүнүөз алдынча категориялык түр катары да бөлүшөт (социалдык, жеке, мен - иденттешүүлөр). Инсандын теориясынын бихевиористиктердин айтуусунда Дж. Г. Миддин көрсөтүшү боюнча, инсандын максаттуулугубул "өзүндөй болуу" адамдын жүрүш-турушунда сакталат. Иденттешүү - алгач социалдык билим берүүчүлүк; индивид өзүн башкалар кандай көрсөөзүн дал ошондой көрөт (демек өзүн калыптандырат).Социалдык процессте инсандык индивиддик алкакта бири - бири менен байланышууда социалдык тажрыйбада катышуучулар негизги коомдук символикаларды колдонушат (тил, жест, белгилүү символдор).

Социалдык көрсөтмөлөр топтун мүчөлөрүнүн бири - бирине болгон мамилесин өстүрүп гана калбастан, жалпы коомдук ишмердүүлүк мамилесин ошол мезгилдеги социалдык жагдайга карап аткарат. Топ же жалпылыктардын жалпы социалдык процессте өзүнүн мүчөлөрдүн жүрүш-турушуна таасир кылат. Иденттешүү аркылуу жалпылыктын социалдык ой жүгүртүү жана ишмердүүлүк стандарттарытүзүлөт.Ч. Х. Кули өздүк позицияны түзүүдө башкалардын ролу менен да байланышта деген идеяны айтат. Ал индивиддин өздүк сезимин индивиддин негизги бириктирип туруучу ишмердүүлүк функциясы менен байланышта караган. Социалдык өз алдынчалык - бул системалык идея, өз алдынча катары акыл - эстүүлүк менен кабыл алынган коммуникациялык жашоо. Ч.Х. Кули социалдык мен проблемасын индивид өзүн - өзү башкалар аркылуу көрсөтүшү менен чечкен ("зеркальное я"). Иденттешүү - бул адамдын коомдогу, топ ичинде кандай көрүнсө же түшүндүрүлсө өздүгүнүн чагылышы. Социалдык феномологияда негизги

көңүл борборунда индивид социалдык тартиптин өндүрүшү катары каралган, б. а. индивидуалдуу адамды тандоо натыйжасы катары эмес. Социалдык иденттешүү өзүнө өздүк инсан катары индивиддин структуралык сапатын камтыйт. И. Гофман иденттешүүнүн 3 түрүн бөлүп караган:

1) Социалдык иденттешүү - социалдык топтук атрибуттун негизиндеги жана ага багынып турган инсандартиби.

2) Жеке иденттешүү - өздүкинсан, инсандын жеке белгилери.

3) Мен - иденттешүү - индивиддин өзүнүн жашоосундагы жагдайда субьективдүү сезими, өздүк билими.

Маалыматтын адамга болгон таасири социалдык чөйрө менен трансташкан, муну И. Гофман саясий иденттешүүдеп атаган. Булүчүн ар түрдүү техникалык тип пайдаланылат –качуу техникасы (техника избегания), толуктоо техникасы (техника компенцации). Р. Мертон социалдык ролду аныктоодо социалдык статустун динамикалык өңүтү катары караган. Индивидке белгилуу бир статус жазылган жана ал аныбашка статустарга байланыштуу аткарат. Индивид качан гана укук жана милдетти алган соң, түзүүчү статус, кыймылга келтирип ролун аткара баштайт. Линтон ролду 2 типке бөлгөн: "актуалдуу" (фактически выполняемые) жана "идеалдуу" (нормадагы, статуска байланыштуу жүрүш-турушдун багытталышы).

Коомдун туруктуу эместүшүнүгү, мисалы өткөөл мезгилде калкка байланыштуу социалдык тип нормативдүүинсанга дал келбейт. Ал эми туруктуу коомдо тескерисинче инсан маданий мажбурлоодо инсан өзүнүн көз карашында жүрүш-турушун коомдук стереотипке карата алып жүрөт.

Иденттештирүү (от лат. identifico - отождествлять) - бул белгисиз объекти белгилүү объектке салыштырып, жалпы окшоштуктарын табуу.

Жекече иденттешүү философияда - булөзүнө гана тиешелүү болгон суроолорго жооп берүү.

Иденттешүүнүнтөмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1) Иденттешүү химияда - белгисиз нерсени белгилүү нерсенин жанында турганын табуу.

2) Системалык иденттешүү - булЭВМ түзүлүшүндө программанын кирип - чыгуу маалыматын табуу.

3) Көрүүиденттешүү - бул театрда жана кинодо.

4) Жекечеиденттешүү - адамдын өзүн-өзү билип, таанып турганы.

5)Социалдык иденттешүү - бул өзүн-өзү жүрүш–турушун,жашоо-шартын, мүмкүнчүлүктөрүн, жетишкендиктерин башка социалдык топтор менен салыштыруу, ортодогу айырмачылыкты көрүү (бул адамдын өзүнө-өзү баа бериши).

В. А. Ядов жазгандай социалдык иденттешүүнүн түзүлүшүб. а. мааниси - бул тышкы топтун же референттик топтун сага болгон көз карашы, алардын сага болгон көз карашы, социалдык топтун уккан мактоо менен жашаган жана алардын сөзүнө кирип чечим чыгаруу.

Социалдык иденттешүүнүнтөмөнкүдөйтүрлөрү бар:

1. этникалык
2. таптык
3. курактык
4. кесиптик ж. б.

Эң негизги орунда биринчи болуп иденттешүүдө турган бул менталитет.

Менталитет - бул социалдык топтун өзүнө-өзү сиңирип жашап жаткан билим менен жетишкендиктери. Мындай турмуштук тажрыйба индивид өзүнүн жүрүш -турушун оңдоого, баалоого жардам берет. Бирдиктүү менталитеттеги адамдар дүйнөлүккөз караштары менен дал келбейт.

Этникалык иденттешүү социалдык иденттешүүнүн максатында негиизги элементи катары алып жүрөт. Системада улуттук - этникалык фактор жарандыкка караганда

маанилүү болуп эсептелүүдө. Себеби акыркы жылдары олуттуу кыймыл келип чыгууда: азыркы кезде мигрант башка улуттардын саны өсүп "мен - иденттешүү" кеңири жайылган, мындан улам өлкөнүн этникалык курамындагы титулдук улуттунсандык үлүшүнө таасиркалууда. Мисалы, мындай факт Германияда, Францияда, Россияда ж.б. өлкөлөрдө түзүлгөндүгүнө карабастан жарандык улуттун калыптангандыгы коомдун ички интеграциясынын деңгээлин жогорулатты. Этникалык иденттешүүнүн түзүлүшүндө ачык - айкын көрүнүп тургандай сөз этникалык же расалык иденттешүү жөнүндө болгондо чөйрөдө да өтө төмөн бааланууда. 1930 - жылы америкалык психологдор кара жана ак терилүү балдардын арасында сурамжылоо жүргүзүшкөн: анда кара жана ак куурчакты коюп, кайсынысы көбүрөөк жагаарын сурашкан. Суралгандардын көпчүлүгү ак куурчактын жагаарын айтышкан. Анан балдардан кайсы куурчак өздөрүнө окшоштугун сурашканда кара терилүү балдар жооп бере алышкан эмес. Себеби алар катуу эмоциялык реакцияда болушкан. Бир жагынан алар өздөрүн ак куурчактын ордунда көрө алышкан эмес, ал эми башка жагынан кара куурчака өздөрүн окшошмун деп айткылары келсе, аны башка көпчүлүк балдар жактырбагандыктан айта алышкан эмес.

Топто иденттешүүдө инсан өзүн кыйратышы да мүмкүн. Коомдук топто иденттешүүдө өзүнө коюлган төмөн баадагы натыйжада ооруу пайда болот. Ошондуктан бул багыттагы эффекти төмөндөтүүчүн адамдар ар түрдүү стратегияларды иштеп чыгышууда. Кээ бирлерин карап көрсөк:

- "баалоо образынын интернализациясы" стратегиясы, башкача айтканда каршылыксыз өзүн "жаман" кабыл алуу. Мында адам көбүрөөк бекинүүгө аракет кылып, чөйрөдө байкалбашын каалап эч кимге тоскоолдуксуз орунда болушун жакшы көрөт. Ал өзүнүн көйгөйлөрүн ички дүйнөсүндө чечип, ошол кезде топто өзүнүн абалын өзгөртүүгө аракет кылбайт;
- жогорудагы стратегияга карама-каршы. Себеби мында адам аны өзгөрүүсүз кандай болсо, ошондой кабыл алышын каалайт. Мындай стратегияны көбүрөөк кара терилүүлөр көп колдонушат "каралар - бул сонун" деген мааниде;
- ассимиляция стратегиясы - мында маданий байланышта, этникалык башкаруу жана сырткы типтерге карап адам өзүнүн индивидуалдуулугун четке кагат. Мында ал чачынын түсүн боеп жана косметикалык каражаттар менен терисинин түсүн өзгөртүп ж.б. өзгөртүү менен ошол этникалык топко ылайыкташууга аракет жасай;
- компромисс стратегиясы - "формирования критической личности". Мында адам башкалардан өзгөчөлөнүпөзүнүн этникалык маданиятындагы белгилерин алып жүрөт. Бул бир жагынан топту негативдүү баалоого алып келет.

Курактык иденттешүү - бул курактык топто анча мааниге ээ болбосо ооруугa алып келет. Азыр сөз жашы улгайып калгандагы курак жөнүндө болууда. Карыларга ар түрдүү коомдо ар кандайча мамиле жасалат. Жалпыбызга белгилүү болгондой алгачкы коомдо карыларды өлтүрүшкөн.

Азыркы мезгилде карыларды мамлекет көзөмөлүнө алып, камкөрүүдө, бирок ошого карабастан иденттешүү маселесинде карылык бул кыйнай турган булакка айланып барууда. Бул көбүнчө "Мен киммин?" жана ошону менен катар "Мен ким болгонмун" деген суроолор менен байланыштуу. Карылардын драмасы алардын ошол улгайган курактагыинсандык элементтеринин жоготушу.

**Адабияттар:**


1. “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын”.  Бишкек, 2013. 09.04.2013.
2. Белинская Е. П."Идентичность личности в условиях социальныхизменений"//Автореферат д. псих.наук. - 2006 год.
3. Гришина Е.А. Идентичность гражданская // Социологическая энциклопедия: в 2 т. Т. 1.  М., 2003.
4. Жусубалиев А.Р. Жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү// Весник БГУ. 2013 г. № 6

5. Мнацаканян М.О. Национализм и глобализм. Национальная жизнь в современном мире. – М., 2008.
6. Солдатова Г.У. Психология межэтнической напряженности. – М., 1998.
7. Стрельцова Я.О. О проблеме «Национальной идентичности во Франции» // Мировая экономика и международные отношения. 2006. № 7.
8. Экономика идентичности. Как наши идеалы и социальные нормы определяют, кем мы работаем, сколько зарабатываем и насколько несчастны. Джордж А. Акерлоф, Рэйчел Е. Крэнтон / Пер. с англ. Д. Стороженко / - М.: Карьера Пресс, 2011.-224 с.
9. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис: пер. с англ. – М., 2006.